**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2024-жылдын 21 майы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: К.Дж. Кыдырбаев, Ч.А. Айдарбекова, Л.Ч. Жолдошева катчы М.И. Ибраевдин катышуусу менен Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2024-жылдын 11-апрелинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна М.М. Жорокуловдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 401-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, 2023-жылдын 10-августунда Өзгөн районунун Кара-Таш айыл өкмөтүнүн Кара-Таш айылынын тургуну Примбердиев Дүйшөнкул Ысмайылович менен Сатар уулу Бактыбектин ортосунда мушташ чыгып, натыйжада Д.Ы. Примбердиев каза болгон.

2023-жылдын 12-сентябрында Ош областынын соттук медициналык экспертиза борборунун Өзгөн райондук бөлүмүнүн корутундусуна ылайык Д.Ы. Примбердиевди мушташтан алган жараат өлүмгө алып келгени көрсөтүлгөн.

Арыздогуучунун айтымында, 2024-жылдын 26-январында Өзгөн райондук соту соттук териштирүү учурунда кылмыш иштин материалдарын, анын ичинде соттук медициналык экспертизанын корутундусун изилдебестен жана ага юридикалык баа бербестен, айыпталуучунун жактоочусу тарабынан келтирилген соттук-комиссиялык экспертиза дайындоо жөнүндө өтүнүчүн канааттандырган.

Ал эми жабырлануучу тарап Өзгөн райондук сотунун тиешелүү чечими менен макул болбой, Ош областтык сотуна даттануу менен кайрылган.

Ош областтык соту өзүнүн 2024-жылдын 6-мартындагы аныктамасында КЖПКнын 401-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык биринчи инстанциядагы соттун кошумча соттук-медициналык экспертизаны дайындоо жөнүндө токтому жыйынтыктоочу соттук акты менен биргеликте даттанууга жатат деп белгиленген.

Арыз ээсинин пикиринде, талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет, себеби соттук коргонууга болгон укук адамдын эң негизги укуктарынын бири болуп саналат.

Арыздануучу талашылып жаткан ченем негизсиз чыгарылган соттун соттук медициналык экспертиза дайындоо жөнүндө токтомун жогору турган сотто даттанууга болгон укугунан ажыраткандагы Конституция менен кепилденген соттук коргонуу укугунан ажыратууга барабар деп эсептейт.

Кайрылуунун автору өзүнүн жүйөлөрүн негиздөө катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын соттук коргонуу укугу жаатындагы 2014-жылдын 31-октябрындагы, 2018-жылдын 4-апрелиндеги жана 2019-жылдын 11-сентябрындагы чечимдерине шилтеме келтирген. Анда баяндалган укуктук көз караштарга ылайык, соттук коргонуу укугу жарандын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин өз билемдигинен гана эмес, соттун ката чечимдеринен да коргоону белгиленген. Мындай коргоонунун натыйжалуу кепилдиги болуп жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу

мүмкүндүгүнүн өзү да саналат, ал ар бир сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кайсы бир формаларда мамлекет тарабынан камсыз кылынышы керек.

Ошондой эле, М.М. Жорокулов талашылып жаткан ченем соттук медициналык жана башка экспертизаны дайындоодон баш тартуу жөнүндө соттук актысына даттануу келтирүү укугунун жок болуусу тараптардын жүйөлөрдү келтирүүгө жана далилдерди чогултууга болгон укуктарын чектейт деп ырастайт.

Бул жаатта ал кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүү тартибинен мисал келтирген. Алсак, эгерде кылмыш ишти тергеп жаткан тергөөчү экспертиза дайындоо жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартса, аны билдирген адам тергөө судьясына экспертиза дайындоо жөнүндө тиешелүү өтүнүч менен кайрылууга укуктуу (КЖПКнын 182-беренеси).

Ушуга байланыштуу, арызданууучу кылмыш ишинде далил болуп саналган эксперттин корутундусу сотко чейинки өндүрүштө даттанылып, ал эми сот өндүрүшүндө соттун экспертиза дайындоо же аны дайындоодон баш тартуу жөнүндө сөттун токтомунун негиздүүлүгүн жана мыйзамдуулугун жогору турган сот тарабынан эмнеге каратууга болбойт деген суроону узаткан.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья К.Дж. Кыдырбаевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндө маселеде белгилүү болгон аныксыздык ишти кароого негиз болуп саналат. Кайрылууну конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алуу үчүн

милдеттүү шарт катары аныксыздыктын болушу талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасиринин конституциялык орнотмолор менен макулдашылгандыгында күмөндүн пайда болушун билдирет.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту өзүнүн 2024-жылдын 20-мартындагы Чечиминде апелляциялык инстанциядагы соттун жогору турган сот звеносу катары анын өзгөчөлүгүнө токтолуп, ал өзүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун алкагында иштин бардык материалдарын, анын ичинде жазык сот өндүрүшүнүн мурунку стадияларында деталдуу талдоодон өткөн далилдердин жол берилбестиги жөнүндөгү маселелерди кайталап жана кылдат изилдөөнү камсыздайт деп белгилеген. Муну менен ага жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларына сот адилеттигин, мыйзамдуулукту жана бузулган конституциялык укуктарды, эркиндиктерди жана сот адилеттигинин бардык мүмкүнчүлүктөрүнө жетүү аркылуу адамдын кызыкчылыктарын калыбына келтирүүнү камсыз кылуу үчүн зарыл болгон укуктук инструменттер берилет.

Судьялар коллегиясы талашылып жаткан ченем менен далилдерди изилдөө тартиби жөнүндө, соттук териштирүүлөрдүн катышуучуларынын өтүнүчтөрүн канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө, соттук отурумдун залында тартипти камсыздоо чаралары жөнүндө токтомдорго жана соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө чыгарылган соттун башка чечимдерине иш боюнча жыйынтыктоочу соттун чечимине даттануу менен бир эле убакта апелляциялык тартипте даттанылат деп көрсөтүлгөнүн белгилейт.

Муну менен аталган соттук актылардын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн жогору турган сот тарабынан текшерүү мүмкүнчүлүгү таптакыр алынып салынбайт, ал болгону башка белгиленген мөөнөткө жылдырылат жана төмөн турган инстанциядагы сотторго ишти кароону тышкы басымсыз жана алдын ала ынанымдын таасиринде болбостон, аяктоого мүмкүндүк берет.

Мындай жагдайда талашылып жаткан ченем укуктук аныксыздыкты камтыган ченем катары каралышы мүмкүн эмес, демек, судьялар коллегиясы

бул кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн негиздерди тапкан жок.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунун талабына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 401-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Келтирилген материалдар өтүнүч ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: К.Дж. Кыдырбаев

Ч.А. Айдарбекова

Л.Ч. Жолдошева

№ _____